# Жаныбарлар жарышы



Автор: Насыпбек Асанбаев

# Жаныбарлар жарышы

Автор: Насыпбек Асанбаев

Кыргыз тилинде
Бишкек - 2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.
Төмөндө көрсөтүлгөн учурлар камтылбайт.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Жаныбарлар жарышы"(кыргыз тилинде), автор Насыпбек Асанбаев, сүрөтчү Бакай Сыдыков.

Төмөнкү сүрөттөр жогорудагы китептин лицензиясынан алып салынган. Ар бир сүрөт автордук укук ээсинин шарттарына ылайык жөнгө салынат.
Мукаба бет user14202961, © 2021 Freepik.com. https://www.freepik.com/premium-photo/musher-dogteam-driver-siberian-husky-snow-winter-competition-race-forest_10510176.htm; 1-бет Vivucamera, © 2021 Shutterstock.com . Бүт укуктар корголгон. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат. https://www.shutterstock.com/ru/image-photo/elephant-race-lak-lake-dak-vietnam-1195455055; 2-бет Katiekk, © 2021 Shutterstock.com . . Бүт укуктар корголгон. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат. https://www.shutterstock.com/ru/image-photo/al-safen-oman-27th-april-2018-10878433763-бет mindstorm, © 2021 Shutterstock.com . Бүт укуктар корголгон. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат. https://www.shutterstock.com/image-photo/emu-races-reno-nevada-on-sept-69730456;4-бет Andrew Berezovsky, © 2021 Shutterstock.com . Бүт укуктар корголгон. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат. https://www.shutterstock.com/ru/image-photo/iengra-neryungri-district-yakutia-russia-march-1667947732;5-бет travelarium.ph, © 2021 Shutterstock.com . Бүт укуктар корголгон. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат; 6-бет Stefano Mazzola, © 2021 Shutterstock.com . Бүт укуктар корголгон. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат; 7–8-бет Lukas Gojda, © 2021 Shutterstock.com . Бүт укуктар корголгон. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Биз ат жарышты көп эле көрүп жүрөбүз. Тай чабыш, кунан чабыш, ат чабыш, жорго салуу сыяктуу жарыштар бизде көп эле болуп турат.

Бирок дүйнө жүзүндө аттан башка жаныбарлар да жарышка салынат. Эмесе, бүгүнкү сөз ошол жарыштар жөнүндө болсун.

***Пил жарыш***

Пил жарыш Индияда, Вьетнамда жана Непалда өткөрүлөт. Чынында, мындай байгелерге бир гана Азия пилдери катышат.

Африка пилдери буларга караганда кыйла чоң, кыйла күчтүү болгону менен, алар жарышка түшүп берүүгө моюн сунушкан эмес. Азия пилдери ийкемдүү келгендиктен, циркте оюн көрсөтүп, футбол ойноп, жарыштарга катышат.

Пилдер адатта 300 метрлик аралыкка чуркашат. Аны башкара турган чабандестер токуп-чомдобой эле, жонуна эмес, мойнуна минишет. Пилдин болжолдуу ылдамдыгы – саатына 48 чакырым.



***Төө жарыш***

Төө минип жарышуу Австралияда, Түндүк Африкада жана араб элдеринде көп кездешет. Мисалы, Араб Эмиратында төө жарышында озгон киши 1 миллион долларлык байге алат.

Төөлөр да жакшы чуркайт. Алардын ылдамдыгы саатына 60 чакырымга чейин жетиши мүмкүн. Эсиңерде болсо, шаар ичиндеги автоунаалар ушундай ылдамдык менен айдашат.

Бирок, бир жаман жери, төөлөр чуркаганды жаман көрөт. Ошондуктан төө жарышын көргөн кишилер ар кандай окуяларга күбө болушат. Кээ бир төөлөр чуркап баратып токтоп калса, кээ бир төөлөр жолдон чыгып, жээктен чөп издеп жөнөшөт. Ал түгүл кай бирөө минип бараткан чабандеске ачууланып, тиштеп, көбүк бүркө баштайт.



***Төө куш жарышы***

Ошол эле Австралия, Америка, Түштүк Африка өлкөлөрүнүн дагы бир кызык оюну бар. Булар төө куш минип жарышат. Бул жаныбарлардын орточо бою 270 сантиметрге жетсе, салмагы 175 кг болот.

Төө куштар уча албаганы менен, чуркай келгенде ылдамдыгы саатына 70 км жетет. Бирок ага бирөө мингенде, албетте, ылдамдыгы азайып, саатына 40 чакырымга түшөт.

Айтмакчы, төө кушту минүү үчүн атайын ээр, нокто-жүгөн жасашкан. Бирок баары бир аны минип жүрүү оңой эмес. Адатта бул жарыштын узактыгы 400 метр келип, жыл сайын Американын Флорида штатында өткөрүлүп турат.

Бирок Европа өлкөлөрүндө мындай жарышка тыюу салынган.



***Бугу жарыш***

Бугу жарыш Россиянын түндүгүндө жашаган элдер менен Финляндия элдеринде кездешет. Демейде мындай жарыштарга ошол бугуларды багып жүргөн кишилер өздөрү катышат.

Жарыш эрежелери өткөрүлчү жерине, элдин үрп-адатына жараша айырмаланат. Кээ бир жерлерде бугуларга чана сүйрөтүп жарышса, башка жерлерде кадимкидей минип алып жарышка түшүшөт.

Бугу жарышка кыз-келиндер, балдар да катыша алат. Тактап айтканда, аялдар үчүн, жаш балдар үчүн да өзүнчө жарыштар уюштурулат.



***Ит жарыш***

Бул жарыштар Россиянын түндүгүндө, Канада жана Америкада өткөрүлөт. Мындай жарышка катыша турган иттерди күчүк кезинен тандап алып, тапташат.

Айтмакчы, ит менен жарышуунун бир канча түрү бар. Мисалы, кар калың жааган жерлерде иттерге чана чиркеп, кар жок жерлерде дөңгөлөктүү араба сүйрөтүп жарыштырышат.

Кээде жөн гана итти жетелеп алып чуркашат. Мындайда иттер ээлерин сүйрөп кетчүдөй болуп алдыда чуркайт. Айрыкча Канада менен Аляскада иттерди чанага кошуп жарыштыруунун көп түрлөрү өтөт.

Бирок, канча аракет кылышса да, бул оюн азырынча Кышкы Олимпиада оюндарына кошула элек.



***Эшек жарыш***

Биз айылдарда эшекти көрүп, ал тургай минип деле жүрөбүз. Бирок буга чейин бир да жолу эшек жарышын көрбөсөк керек.

Ал эми дүйнө жүзүндө кадимкидей эле эшек чабыш өткөргөн элдер бар. Мисалы, Хорватия, Армения, Италия элдери. Чынында, эшек деле кыйла күчтүү, чыдамкай жаныбарлар. Ал тургай ылдамдыгы саатына 70 чакырымга да жетет.

Бирок, бир жаман жери, булар жылкыдай эмес, кежир келишет. Ошондуктан эшек жарыш да аябай кызыктуу, күлкүлүү өтөт. Себеби, бул жаныбарлар да төөлөргө окшоп орто жолдон токтоп калып, же башка жакка кетип, же жатып алып, чабандестеринин шайын оодарат.

Ушундан улам кай бир жерлерде эшек жарышка эки байге коюлат. Бирөө кадимкидей эле биринчи келген күлүккө берилсе, экинчиси эң акыркы келген же эң кежир эшекке берилет.



***Ат жарыш***

Эми бул жарышты баарыңар билсеңер керек. Себеби, ат жарышы дүйнөдөгү эң белгилүү, бардык элдерде кездешкен оюн.

Мунун да көптөгөн түрлөрү бар. Кээ бири узак аралыкка, кээ бири кыска аралыкка, кээ бири жорголотуп, кээ бири ортого секиртмектерди коюп секиртип жарыштырат.

Акыркы жылдардагы эң узак ат чабышты кыргыздар өткөргөн. 1995-жылы өткөн Манас-1000 мааракесинде күлүктөр Ашхабад шаарынан биздин Талас шаарына чейин 1609 км аралыкты чуркап өтүшкөн. Дүйнө жүзүндө мындай узак жарыш болбогондуктан, көпчүлүк күлүктөр катыша алган эмес.

Ага чейинки жана эң алыска чапкан жарыш 120 чакырымга жеткен, азыр да андан ашпайт. Ошондуктан Манас-1000 мааракесиндеги ат чабышка болгону 20 чакты күлүк катышкан.

Элдин айтуусу боюнча, түркмөн элинин ахалтекин аттары, араб аттары биринчи эле күнү оюндан чыгып калган. Ал эми кыргыз жылкысы чыдамкай, өжөр келгендиктен, бул аралыкты толук басып өтүп, марага биринчи болуп келген. Бул күлүктүн аты Жарык-Төш.

Тилекке каршы, бул жарыш эч кандай тасмага тартылган эмес, айтылуу Гиннес рекорддор китебине да киргизилбей калган.



Силерчи балдар, дагы кандай жарыштарды билесиңер?
Кайсы түрдөгү жарышка түшкүңөр келет?

USAID
ОТ АМЕРИКАНСКОГО НАРОДА

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

Автор: Насыпбек Асанбаев

Колдонулган иллюстрациялар
www.shutterstock.com
www.freepik.com
сайттарынан алынган.

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- **4.2 деңгээли**

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы